**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ**

**№ 12 ЫДЫРЫС КАДЫРКУЛОВ АТЫНДАГЫ
ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ**

721503, Кыргыз Республикасы,
Жалал-Абад обл., Тогуз-Торо р-ну,
Кош-Булак айылы. Кайынды көчөсү №12
e-mail:ydyryskadyrkulov28@gmail.com

**МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА
№12 ИМЕНИ ЫДЫРЫСА КАДЫРКУЛОВА**

721503, Кыргызская Республика,
Жалал-Абадская обл., Тогуз-Тороуский р-н,
с.Кош-Булак. улица Кайынды №12
e-mail: ydyryskadyrkulov28@gmail.com

«14» 06 2022-жыл №55

Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүнүн
башчысы Б.С.Иманбердиевге
№12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим
берүүчү орто мектебинин география мугалими
Козубек кызы Атыркүл
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим
кызматкерлеринин профсоюзунун Жалал-Абад
облустук комитетинин ардак грамотасына
көрсөтүү жөнүндө

## СУНУШ

Козубек кызы Атыркүл 1991-жылы 04-январда Тогуз-Торо районунун Кош-Булак айылында туулган. Билими жогорку. 2016-жылы И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин география адистиги боюнча окууну аяктаган. Алгачкы эмгек жолун 2012-жылдан баштап №12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде география мугалим болуп эмгектенип келет. Жалпы стажысы 10 жыл, педагогикалык стажысы 10 жыл.

Козубек кызы Атыркүл өзүнүн ишке болгон жөндөмдүүлүгүн көрсөтүү менен коомдук иштерге активдүү катышат. Тажрыйбасы мол, дайыма өз билимин толуктап турат. Балдарды окутуу-тарбиялоо ишинде озунун аракетчилдиги, чыгармачылыгы, жоопкерчилиги менен балдарга терең билим тарбия берип келет. Окутуу-тарбиялоо иштеринде бир топ проблемалык жагдайларды чечүү менен ар бир сабагынан чыгармачылык изденүүлөрдү жаратып, окуучулардын кызыгуусун арттыруу менен эмгектенет. Ар бир окуучуга санариптик технологиялардын жардамы менен өтүп, кызыгууларын арттырат.

Козубек кызы Атыркүл талыкпаган эмгектеринин натыйжасында мектептин, райондук билим берүү бөлүмүнүн , билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Козубек кызы Атыркүл жогорудагы сиңирген эмгегин баалап, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюзунун Жалал-Абад облустук комитетинин ардак грамотасына 2022-жылдын 07-июнунда № 5 протоколдун негизинде райондук билим берүү бөлүмүнө сунушталсын.

№12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы
билим берүүчү орто мектебинин директору: ____________ Г.Ш. Жээналиева

Сканировано с CamScanner

**№12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин педагогикалык кенешинин отурумунун №5 Протоколу**

07.06.2022-жылы. Кош-Булак айылы

Кенештин жалпы мүчөсү- 21
Катышканы- 20
Педагогикалык кенештин башталышы:16-00
Бутушу: 18-00
Чогулуш башчысы: Жээналиева Гүлүм
Катчысы: Жумабек кызы Гүлжан

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

**1** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюзунун Жалал-Абад облустук комитетинин Ардак грамотасына көрсөтүү жөнүндө

Угулду, кун тартибиндеги каралуучу маселе боюнча №12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин кесиптик бирлигинин төрагасы Каамытов Майрамбек билдирүү жасады. 2021-2022-окуу жылында окуу-тарбия иштерин жүргүзүүдө артыкчылыктарын көрсөткөн кызматкерлерден сыйлыкка көрсөтөлү. Талыкпаган үзүрлүү эмгеги, иштери баалансын. Мектепте эмгектенип, көптөгөн окуучулар үчүн билимин арнап келди. Мектепке өз салымын кошуп, ар тараптан колдоп келет. Мына ушундай мугалимдерди көрсөтөлү.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**Ботоканова Анаркүл** : Туура Козубек кызы Атыркүлдү сунуштайлы. Атыркүл жумушуна так жана уюштургуч. Мектеп үчүн бардык иштерди аткарып, жаштар арасында активдүү аткарып келет.

**Аттокуров Эрлан**: Козубек кызы Атыркүл балдар менен иштешүдө талыкпаган эмгеги менен көптөгөн ийгиликтерге жетише алды. Ошондуктан бул сыйлыкка сунуштаганыбыз туура болот деп ойлойм.

Мугалимдер өз ойлорун, сунуш- пикирлерин айтып талкуулашты.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап Токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюзунун Жалал-Абад облустук комитетинин Ардак грамотасына №12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин география мугалими Козубек кызы Атыркүл сунушталсын.

2. Төмөндөгү сунушту карап берүү жагын Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүнөн сурайм.

Чогулуш башчысы: ____________________ Г.Ш.Жээналиева

Катчысы: ____________ Жумабек кызы Гүлжан

Сканировано с CamScanner